**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

# Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясынын №1 Токтому

20-февраль 2024-жыл Сакалды айылы

## Административдик-аймактык реформага байланыштуу айыл өкмөттүн негизги документтерин шашылыш сактоо үчүн мамлекеттик архивге тапшыруу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин **XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы токтом кылат:**

1.Административдик-аймактык реформага байланыштуу айыл өкмөттүн негизги документтерин шашылыш сактоо үчүн мамлекеттик архивге тапшыруу жөнүндө Сакалды айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы А.Турганбаеванын маалыматы эске алынсын.

2.Сакалды айыл өкмөттүнүн жергиликтүү бюджетине төмөндөгүдөй өзгөтүүлөр киргизилсин:

-СДК 2215 беренесинен -150,0 сом;

-Аппарат 2215 беренесинен 50,0 сом акча каражат айыл өкмөттүн негизги документтерин мамлекеттик архивге тапшыруу үчүн жумшоого ажыратылсын.

3. Жогорудагы көрсөтүлгөн акча каражатын ажыратып берүү жагы айыл өкмөт башчысы А.Осмоновго жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин бюжет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясынын №2 Токтому**

20-февраль 2024-жыл Сакалды айылы

Сакалды айыл өкмөтүнүн жарандарын сыйлоо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, ”Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 31-беренесине негиз Сакалды айылдык кеңешинин **XXVIII** чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Сакалды айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы жана активдүүлүгү үчүн сыйлоого сунушталган жарандардын тизмеси жактырылсын.

2. Төмөнкү жарандарга ***”Сакалды айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу”*** сыйлыгы ыйгарылсын**:**

- Абделкарим Аали – Ассанабил кайрымдуулук фондунун директору;

-Нусубалиев Кенешбек Акимжанович- Ассанабил кайрымдуулук фондунун Жалал-Абад областы боюнча курулуш көзөмөлдөөчүсү;

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө өзүмө калтырамын.

Төрага А.Нишанбаев

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясынын №3 Токтому

20-февраль 2024-жыл Сакалды айылы

Сакалды айыл өкмөтүнүн жарандарын сыйлоо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, ”Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 31-беренесине негиз Сакалды айылдык кеңешинин **XXVIII** чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Сакалды айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы жана активдүүлүгү үчүн сыйлоого сунушталган жарандардын тизмеси жактырылсын.

2. Төмөнкү жарандарга ***”Сакалды айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу”*** сыйлыгы ыйгарылсын**:**

-Чолпонов Уланычбек Калдарбекович- Ноокен райондук Электр тармактар ишканасынын жетекчиси;

-Турганбаева Акмөөр Бектемировна – Сакалды айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы;

-Назирбаев Мамытбек Токтогулович - Сакалды айылдык кеңешинин депутаты, “ Таймөнкү” СПАнын директору;

- Матсаков Чолпонбай Токтосунович – Сакалды айылынын тургуну;

- Абдувалиев Таалайбек Гапурович – Сакалды айылынын тургуну, жеке ишкер;

- Мурашев Дилшатбек Мырпазылжанович – Сакалды айылындагы “Дыйкан-ордо” пахта тазалоочу заводунун директору.

3.Сакалды айыл өкмөтүнүн ыраазычылык каты ыйгарылсын:

-Ноокен райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын жааматына.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын

Төрага А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясынын №4 Токтому**

20-февраль 2024-жыл — Сакалды айылы

**Жеке менчик 750,0 чарчы метр жер аянттынын ичинен 144,0 чарчы метр бөлүгүн максаттуу багытын өзгөртүүгө уруксат берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын жер Кодексинин 12-беренесине негиз Сакалды айылдык кеңешинин **XXVIII** чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Сакалды айылынын жашоочусу жаран Оморов Абдикалилдин 2024-жылдын 18-январындагы №О-16 сандуу арызы канааттандырылсын.

2.Сакалды айылынын жашоочусу жаран Оморов Абдикалилдин аталган айылдын Мамаш-Ата көчөсүндөгү № 62А турак жайында жайгашкан 3-04-08-1001-1145 идентификациялык номери менен катталган 750, 0 чарчы метр жеке менчик жер тилкесинин ичинен 144,0 чарчы метр жер аянтынын (комерциялык багытта соода түйүнүн куруу үчүн) максаттуу багытын өзгөртүүгө уруксат берилсин.

3.Тиешелүү документтерди даярдап берүү Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин алдындагы жер ресурстары кызматынын “Кадастр” мамлекеттик ишканасынын Ноокен филиалынан жана Ноокен райондук Архитектура башкармалыгынан суралсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер маселелери боюнча туруктуу комиссияна жүктөлсүн.

Төрага — А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясынын №5 Токтому**

20-февраль 2024-жыл Сакалды айылы

**“Нагдай” үрөнчүлүк чарбасынын жетекчиси Ж.Өскөнбаевдин арызы жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы **токтом кылат:**

1.“Нагдай” үрөнчүлүк чарбасынын жетекчиси Ж.Өскөнбаевдин арызына жана Сакалды айыл өкмөтүнүн башчысы А.Осмоновдун сунушуна негиз “Нагдай” үрөнчүлүк чарбасынын Ноокен райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан алган Нагдай участкасындагы №39 контурдагы 10,5 га, №11 контурдагы 20,0 га, №8 контурдагы 21,8 га, №8а контурдагы 6,3га жерлери жалаң скважинадан суугарылгандыктан жана суугаруучу скважиналарды дайыма өз каражатынын эсебинен ремонттогондуктан жердин ижара акысы жылына 1 га үчүн (471,12 сом х 15 эсе = 7066,8 сом) 7066,8 сом деп өзгөртүлсүн.

2. “Нагдай” үрөнчүлүк чарбасынын Ноокен райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан алган Нагдай участкасындагы №39 контурдагы 10,5 га, №11 контурдагы 20,0 га, №8 контурдагы 21,8 га, №8а контурдагы 6,3 га жердин ижара акысы 2024-жылдан жылына 1 га үчүн 7066,8 сом деп ижара келишимин түзүү Ноокен райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына сунушталсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрагасы А.Нишанбаев